**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Д 13.23.662 диссертациялык кеңеши

**Кол жазма укугунда**
УДК 37. 0 (575. 2) (043)

**БАЙСУБАНОВА АСЯ КАРЫБЕКОВНА**

# СТУДЕНТТИК ЧӨЙРӨДӨ ТОЛЕРАНТТУУЛУК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган
диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2024**

Диссертациялык иш К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** **Калдыбаева Айчүрөк Токтополотовна**
педагогика илимдеринин доктору, профессор, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Карабалаева Гульмира Таштановна**
педагогика илимдеринин доктору, доцент, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын башчысы
**Шерматова Ильмира Кубанычбековна**
педагогика илимдеринин кандидаты, С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын доценттин м.а.

**Жетектөөчү мекеме:** Ош мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасы (Дареги: 723500, Ош шаары, Ленин проспектиси, 331).

Диссертациялык иш 2024-жылдын 11-октябрында саат 13.00дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот (дареги: 720040, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51). Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/132-iro-djs-est.

Диссертациялык иш менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720026, Бишкек ш., И. Раззаков көчөсү, 51) жана Кыргыз билим берүү академиясынын Илимий китепканаларынан (720040, Бишкек ш., Эркиндик проспектиси, 25) жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын сайтынан (https://vak.kg/) таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын 11-сентябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештинокумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Абдыкапарова А. О.**

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Биздин тез өзгөрүп жаткан дүйнөбүздө билим берүү мекемелериндеги студенттик топтордун маданий жана социалдык-маданий ар түрдүүлүгү барган сайын айкын болуп барууда. Студенттер ар кайсы өлкөлөрдөн, этникалык топтордон, диний жана маданий чөйрөдөн келип билим алышат. Бул жогорку билим берүү системасы үчүн өзгөчө кыйынчылыктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү жаратат.

Заманбап психологиялык-педагогикалык илимде студенттердин толеранттуулук маданиятын калыптандырууга шарт түзүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Толеранттуулук – бул жөн гана чыр-чатактын же бир тараптуулуктун жоктугу эмес. Бул стандарттуу эмес көрүнүштөрдү сын көз менен түшүнүү, башка бирөөнүн позитивдүү психикалык абалын сактоо, мамилелерде ишенимдүүлүктү орнотуу үчүн диалогду жүргүзүү жөндөмү.

Бул теманын актуалдуулугу бир нече факторлордон улам тереңдеп баратат. *Биринчиден,* дүйнө барган сайын ааламдашып жатат жана биздин келечектеги студенттерибиз ааламдык контекстте иштөөгө жана баарлашууга даяр болушу керек. Окшошууну жоюу жана толеранттуу билим берүү чөйрөсүн түзүү ааламдык коомго жакшыраак интеграциялануга өбөлгө түзөт. *Экинчиден,* коомдогу социалдык-маданий чыр-чатактар жана чыңалуулар толеранттуулукту социалдык чыр-чатактарды алдын алуунун актуалдуу көйгөйүнө айландырат. Бул көйгөйдү чечүүдө билим берүү чечүүчү ролду ойнойт. *Үчүнчүдөн,* толеранттуулукту өнүктүрүү студенттердин жеке өсүшүнө өбөлгө түзөт. Бул алардын жеке өнүгүүсү үчүн маанилүү болгон эмпатияны, башкалардын көз карашын угууну жана түшүнүүнү өнүктүрүүгө жардам берет. *Төртүнчүдөн,* жумуш берүүчүлөр көп улуттуу жана көп маданияттуу чөйрөдө иштөө көндүмдөрүн көбүрөөк баалашат. Мындай чөйрөдө ыңгайлашуу жана натыйжалуу иштөө жөндөмү жумушка орношуудагы негизги критерий болуп саналат.

Студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын изилдөө ушул социалдык-маданий жана билим берүү чакырыктарынын негизинде зарылдыкка айланууда.

“Маданият адамы” феноменин билим берүү контекстинде изилдөө зарылдыгын көрсөткөн Е. В. Бондаревскаянын, В. В. Князеванын, С. В. Кульневичтин, А. С. Каптонун, В. М. Розинанын, Е. Н. Степанованын, Ю. В. Сенконун айтымында, маданияттын субъекти катары студенттин жеке жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу толеранттуулук компетенттүүлүгүнүн түзүлүшүндө конструктивдүү максаттардын бири катары каралууга тийиш, анын артыкчылыгы – толеранттуу инсандын маданиятын калыптандыруу.

Улуттук аң-сезимдин ар кандай аспектилери, социалдык иденттүүлүктүн түзүлүшү жана моралдык-нравалык көрүнүштү өркүндөтүү белгилүү кыргыз педагогдору А. Алимбеков (2014), Н. А. Асипова (2015), Н. К. Дюшеева (2000), А.

Т. Калдыбаева (2007), Г. М. Калматова (2016), Б. М. Кошбакова (2022), А. Ж. Муратов (2006), Б.М. Төрөгелдиева (2017) тарабынан изилденген.

Бул эмгектерден тышкары, баалуулуктун багыты катары толеранттуулукту калыптандыруунун өзгөчөлүктөрүн ачууга багытталган К. Р. Алдашеванын “Толерантность к чужой культуре и ценности собственной” (2004), Г. Т. Карабалаеванын “Роль семейного воспитания в формировании толерантности в педагогической культуре кыргызского народа” (2018), П. К. Кадырбекованын “Развитие межкультурной коммуникации в Кыргызстане” (2011), Н. А. Ахметованын “Международная коммуникация: встреча Средней и Восточной Азии” (2013), Е. Ш. Нусубалиеванын “Формирование межкультурной коммуникативной компетентности у студентов гуманитарных специальностей” (2014), А. Эргешалы кызынын “Өспүрүм окуучуларды чет тилин окутуу аркылуу коп маданияттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары” (2018), Ма Дюаньдын “Воспитание толерантности у студентов гуманитарных факультетов в процессе внеаудиторной работы (на материале вузов Кыргызской Республики)” (2023), М. И. Мамырованын “Педагогические условия формирования ценностных ориентаций студентов средствами народных традиций” (2019) деп аталган илимий-методикалык изилдөөлөрүн да белгилей кетүү керек.

Илимий адабияттарды кылдаттык менен изилдөө толеранттуулуктун социалдык-маданий көрүнүш катары идеяларына негизделген жалпы мамилелерди жана теориялык материалдарды аныктоого мүмкүндүк берди. Бирок, теориялык базаны талдоодо ЖОЖдун студенттик чөйрөсүндө толеранттуулук маданиятын жогорулатууга өбөлгө түзүүчү зарыл факторлордун жана педагогикалык шарттардын жетишсиз деңгээлде изилденгендиги аныкталган.

Ошентип, ЖОЖдун билим берүү системасында студенттердин толеранттуулук маданиятын калыптандыруу боюнча теориялык жана практикалык материалдарды анализдөө төмөнкүдөй **карама-каршылыктарды** аныктоого мүмкүндүк берди:

– студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруу муктаждыктарын таануу зарылдыгы жана педагогикалык практикалардын жана методикалардын жетишсиз иштелип чыгышы;

– студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун теориялык моделин долбоорлоонун объективдүү зарылдыгынын болушу жана бул жаатта иштелип чыккан илимий-теориялык колдонмолордун жоктугу;

– студенттердин толеранттуулук маданиятын жогорулатуу боюнча микросоциумдун субъекттеринин өз ара аракеттенүүсүнүн жогорку социалдык-педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү жана бул өз ара аракеттенүүнүн универсалдуу механизмдеринин иштеп чыгууларынын жоктугу.

Аныкталган карама-каршылыктар изилдөөнүн “Студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятынын калыптанышына кандай педагогикалык шарттар өбөлгө түзөт?” деп аталган көйгөйүн түзүүгө мүмкүндүк берди. Бул карама-каршылыктарды чечүүдө илимий изилдөөнүн зарылдыгы **“Студенттик чөйрөдө**

**толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары”** аттуу темада илимий изилдөөнү жүргүзүүгө түрткү берди.

**Диссертациянын темасынын ири илимий-изилдөө программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык иш К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планынын алкагында 2018-2023-жылдары жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн максаты:** студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын жана теориялык моделин негиздөө жана эксперименталдык жактан текшерүү.

Коюлган максатка жетүү үчүн диссертацияда **төмөнкү милдеттерди** чечүү ишке ашырылган:

1. Студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун илимий-теориялык негиздерин аныктоо.
2. Студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу жана теориялык моделин түзүү.
3. Студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун иштелип чыккан педагогикалык шарттардын жана теориялык моделдин натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана жалпылоо.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:** студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятынын шарттарын калыптандырууда илимий-теориялык ыкмаларды изилдөөнүн, талдоонун жана системалаштыруунун негизинде толеранттуулук маданиятынын методикалары аныкталды; студенттердин толеранттуулук маданиятын калыптандырууга көмөктөшүүчү толеранттуулук тематикасынын болушуна карата окуу дисциплиналарынын мазмуну талданды; студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруу процессин аныктаган шарттар жана критерийлер иштелип чыкты; максаттык, мазмундук, натыйжалык компоненттерди камтыган педагогикалык шарттар аркылуу толеранттуулук маданиятын калыптандыруу процессинин теориялык модели эксперименталдык түрдө апробацияланды; ЖОЖдун студенттери үчүн “Толеранттуулук маданиятын калыптандыруу технологиясы” атайын курсу, ошондой эле “ЖОЖдун билим берүү чөйрөсүндө студенттердин жана окутуучулардын толеранттуулугун калыптандыруу” өнүктүрүү программасы иштелип чыкты.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү:** студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү жана аныктоо үчүн билим берүү системасында моделди практикада колдонуунун мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо; окутуучулар жана студенттер үчүн иштелип чыккан атайын программа билим берүү чөйрөсүндө толеранттуулук маданиятын калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү үчүн сунуштама мүнөзгө ээ болушу мүмкүн. Диссертацияда камтылган изилдөө материалдары педагогикалык кызматкерлер үчүн жардам бере алат. Иштин тыянактары жана сунуштары

“Этика”, “Этнопедагогика”, “Маданияттар аралык коммуникация”, “Этнопсихология”, “Педагогика жана психология”, “Педагогикалык баарлашуу” ж.б. психологиялык-педагогикалык циклдеги дисциплиналарды окутууда, атайын курстарды уюштурууда, методикалык колдонмолорду даярдоодо, гуманитардык профилдеги ар түрдүү дисциплиналар боюнча семинарларды өткөрүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун илимий-теориялык негиздерин изилдөө актуалдуу жана маанилүү багыт болуп саналат. Ал ар түрдүүлүктү урматтоого жана түшүнүүгө, маданияттар аралык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жана ааламдык коомго катышууга жөндөмдүү студенттерди тарбиялоого көмөктөшүүчү окуу чөйрөсүн түзүүнүн натыйжалуу педагогикалык ыкмаларын жана стратегияларын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Заманбап педагогика илиминде төмөнкү аныктама кеңири колдонулат: “Толеранттуулук маданияты – бул мезгилдин, доордун маданиятынын бай көп түрдүүлүгүн, компетенттүүлүгүн билдирүү формаларын жана адамдын индивидуалдуулугун көрсөтүү жолдорун сыйлоо, кабыл алуу жана адекваттуу түшүнүү”.

2. Концептуалдык мамилелерди талдоо студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандырууда педагогикалык шарттарды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу үчүн кеңири инструментарийлерди берет. Бул билим берүү мекемесинин жана студенттердин аудиториясынын өзгөчөлүктөрүнө жараша эң ылайыктуу ыкмаларды жана методдорду тандоого жана бул багыттагы мындан аркы изилдөөлөрдүн келечегин көрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Толеранттуулук маданиятын калыптандырууга ар кандай факторлордун таасирин изилдөө, ошондой эле ар кандай ыкмалардын синергиясына негизделген инновациялык педагогикалык методикаларды иштеп чыгуу бул жаатtagы мындан аркы изилдөөлөрдүн келечектүү багыттарын түзөт.

3. Студенттердин толеранттуулук маданиятын калыптандыруу процессинин моделин эксперимент аркылуу текшерүү билим берүү процессинин бардык компоненттерин (максаттык, мазмундук, натыйжалык) жана толеранттуулукту калыптандырууга багытталган компоненттердин калыптануу деңгээлин (жогорку, ортоңку, төмөнкү) эске алган максаттарды жана милдеттерди, уюштуруу формаларын (лекциялар, семинар-дискуссиялар, көйгөйлүү дискуссиялар, тексттерди талдоо ыкмалары, изилдөө иштери), активдүү методдорду (тегерек столдор, диспуттар, тренингдер, дебаттар, мастер-класстар, иштиктүү оюндар, рефлексия ж.б.) ишке ашырууну камтыйт. Эксперимент заманбап билим берүүгө жана социалдык тарбиялоого маанилүү салым кошкон окуу чөйрөсүндөгү толеранттуулук, инсандар аралык мамилелердеги жеке жоопкерчилик жана жалпы маданият принциптерин өнүктүрүүгө сунушталган методдордун таасирин баалоого мүмкүндүк берет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** студенттер арасында толеранттуулук деңгээлин жогорулатууга багытталган “Толеранттуулук маданиятын калыптандыруу технологиясы” атайын курсун, ошондой эле “ЖОЖдун билим берүү чөйрөсүндө студенттердин жана окутуучулардын толеранттуулугун калыптандыруу” өнүктүрүү программасын иштеп чыгууда; маданияттар аралык өз ара түшүнүшүү, урматтоо жана толеранттуулук боюнча тренингдерди, дискуссияларды жана мастер-класстарды өткөрүүдө; болуп жаткан процесстерди студенттердин түшүнүүсүн тереңдетүүгө өбөлгө түзгөн актуалдуу көрүнүштөрдү түшүнүү үчүн тексттерди талдоо методун пайдаланууда; диалогдун, кызматташтыктын, жамааттык рухтун жана өзүн-өзү ишке ашыруунун өнүгүшүнө тоскоол болгон билим берүү чөйрөсүндөгү интолеранттык көрүнүштөрдү аныктоодо турат. Студенттер толеранттуулукту жайылтууга багытталган дискуссиялар, маданий фестивалдар жана кайрымдуулук акциялары сыяктуу иш-чараларга жана долбоорлорго активдүү катышып, студенттер жана окутуучулар арасында толеранттуулук баалуулуктарын колдоого жана жайылтууга салым кошушту.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы жана тастыкталышы.** 2018-жылдан азыркы күнгө чейин К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасынын ага окутуучусу катары педагогикалык ишмердүүлүк процессинде ишке ашырылып, натыйжалары эксперименталдык иштердин жүрүшүндө текшерилип, тууралanып, кафедранын теориялык-методологиялык отурумдарында, “Теоретические и методологические проблемы современного педагогического образования и науки” (2018); “Этнопедагогические и этнопсихологические общности Алтайских народов” (2018), БМУнун 40 жылдыгына арналган “Образовательная, научная и культурная интеграция на пространстве СНГ и ШОС в XXI веке” (2019) аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияларда талкууланды.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары 14 макалада жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан жана алардан келип чыккан тыянактардан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин жалпы көлөмү – 174 бет, 22 таблицадан, 16 сүрөттөн, 6 тиркемеден, 178 пайдаланылган адабияттан турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн актуалдуулугу, максаты, милдеттери, алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы, изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык мааниси, коргоого коюлуучу негизги жоболору, изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы, диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы, анын түзүлүшү жана көлөмү жөнүндө маалыматтар көрсөтүлгөн.

**Биринчи бап “Социалдык-маданий көрүнүш катары толеранттуулуктун негизги мүнөздөмөлөрү”** деп аталып, изилдөөнүн биринчи милдетине ылайык, тарыхый-философиялык жана психологиялык-педагогикалык аспектилерде толеранттуулук маданияты түшүнүгүнүн изилденишинин абалына, ошондой эле билим берүү чөйрөсүндө студенттердин толеранттуулугун калыптандыруунун заманбап концептуалдык мамилелерине жана өбөлгөлөрүнө арналган.

Толеранттуулук социалдык-маданий көрүнүш катары Батыш цивилизациясынын диний чөйрөсүндө биринчи жолу “сабырсыздыкка” каршы чыккан, демократиялык эркиндиктерге карай жолду негиздеген философтордун изилдөөсүнүн предмети болгон.

Заманбап билим берүү мейкиндигинде маанилүү орунду ээлеген толеранттуулук маданияты терең талдоону жана түшүнүүнү талап кылган татаал көп кырдуу көрүнүш. Психологиялык-педагогикалык илимде бул проблеманы изилдөөнүн көптөгөн концептуалдык ыкмалары бар. Бул ыкмалар толеранттуулук маданиятын калыптандыруу чөйрөсүндө педагогикалык стратегияларды талдоого жана иштеп чыгууга багытталган теориялык негиздер болуп саналат. Бул бөлүмдө студенттердин күчтүү жактарын жана студенттик чөйрөнүн контекстинде алардын пайдалуу болушун аныктоого мүмкүндүк берген ар кандай түшүнүктөр жана теориялар каралып, анализденет. Ар бир ыкма толеранттуулук маданиятынын ар кандай аспектилерин чагылдырууга багытталган, бул түшүнүктү тереңирээк түшүнүүгө жана студенттер арасында толеранттуулукту калыптандыруу үчүн натыйжалуу стратегияларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

Изилдөөнүн теориялык негизи педагогика, психология жана социология илимдерине байланыштуу бир катар түшүнүктөрдү жана теорияларды камтыйт.

В.В. Давыдовдун өнүгүүнүн социалдык маданий теориясы инсандын өнүгүүсү социалдык-маданий чөйрөдө ишке ашат жана башка адамдар менен өз ара аракеттенүү аркылуу аныкталат деп ырастайт. Толеранттуулук маданиятынын алкагында бул толеранттуулук коомдук өз ара аракеттенүү аркылуу калыптанат дегенди билдирет.

Жарандык билим берүү жана жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу концепциясы студенттердин коомдогу ролун, анын ичинде ар түрдүүлүктү урматтоону жана башкаларга толеранттуу мамиле кылууну өнүктүрүүнү билдирет.

Толеранттуулук педагогикасы – бул студенттерде ар түрдүүлүктү урматтоого, ар кандай маданияттарга, диндерге, расага, жыныстарга жана социалдык топторго карата толеранттуулукту өнүктүрүүгө багытталган билим берүү багыты.

*Ааламдашуу теориясы* ааламдашуу процесстеринин ар түрдүүлүктү жана маданияттар аралык өз ара аракеттенүүнү кабыл алууга тийгизген таасирин изилдейт. Педагогиканын алкагында ааламдашуу теориясы дүйнөлүк социалдык,

экономикалык жана технологиялык өзгөрүүлөрдөн келип чыккан билим берүү тажрыйбаларындагы жана ыкмаларындагы өзгөрүүлөрдү чагылдырат.

*Эл аралык кызматташуу тажрыйбасы:* университеттер чет өлкөлүк өнөктөштөр менен активдүү кызматташууда, бул маданияттар аралык өз ара аракеттенүү жана толеранттуулукту өнүктүрүү маселелерин изилдөө үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүктөрдү берет. “Студенттик калктын ар түрдүүлүгүнүн өсүшү” процессин “Студенттик коомчулуктун диверсификациясынын көбөйүшү” деп да атаса болот, бул студенттик жамааттын ар түрдүүлүгүнүн этникалык, маданий, социалдык абалы, жынысы, жашы жана башка мүнөздөмөлөрү сыяктуу ар кандай аспектилери боюнча көбөйүшүн билдирет.

*Л. С. Выготскийдин социалдык жана маданий өнүгүү теориясы,* инсандын өнүгүүсү социалдык-маданий чөйрө менен аныкталат жана тажрыйбалуу өнөктөштөрдүн колдоосу инсандын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн кыйла кеңейтет деп ырастайт. Толеранттуулук маданиятынын алкагында, толеранттуулуктун калыптанышы социалдык чөйрөгө жана маданий таасирлерге байланыштуу экендигин билдирет.

*Социалдык адаптация жана интеграция теориясы* жаңы социалдык чөйрөгө адаптациялануу процесстерин изилдеп, инсандардын социалдык чөйрөгө интеграцияланып, анда ийгиликтүү иш алып баруу процесстерин, стратегияларын жана механизмдерин изилдейт.

**Экинчи бап «Изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталып, анда студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун аныктоочу шарттарын, ошондой эле толеранттуулуктун калыптанышына таасир этүүчү педагогикалык шарттарды караган алдыңкы окумуштуулардын илимий-теориялык иштеп чыгуулары каралат.

**Изилдөөнүн объекти:** студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары.

Бул изилдөөнүн объектине жана предметине жараша биз теориялык да, эмпирикалык да методдорду колдондук. Педагогикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө колдонулган илимий методдордун спектри зарыл жана ылайыктуу болду. Биз ишибизде илимий-теориялык материалдарды жана илимий булактарды талдоо, байкоо жүргүзүү, баарлашуу, сурамжылоо, моделдөө, эксперимент методдорун колдондук, алар диссертациянын экинчи бабында кеңири берилген.

Педагогикалык шарттарды иштеп чыгуу маселесин чечүүдө, биз аларды билим берүү процессинде студенттердин толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун, тигил же бул мекеменин мүмкүнчүлүктөрүн чагылдырган жана анын натыйжалуулугун камсыз кылуучу негизги компоненттеринин бири катары карайбыз.

Диссертацияда педагогикалык шарттар студенттердин толеранттуулук маданиятын калыптандыруу маселесин ийгиликтүү чечүүнү камсыз кылган мүмкүнчүлүктөрдүн жыйындысы катары каралат.

Бул топтом белгиленген ишмердүүлүктү уюштуруунун башкаруу аспектилерин, инновациялык окутуунун мазмунун, методдорун, уюштуруу формаларын, студенттердин өздөрүнүн субъективдүү инновациялык потенциалын ж.б. камтыйт. Бул шарттар студенттердин толеранттуулук маданиятын окуу процессинде калыптандырууну камсыз кылат.

**Биринчи шарт болуп ЖОЖдун билим берүү чөйрөсүндө студенттердин окуу ишмердүүлүгүнүн инвариативдүү бөлүгүнө толеранттуулук маданиятынын тематикасын киргизүү саналат.** Биринчи шартты ишке ашыруу үчүн гуманитардык багыттагы окуу дисциплиналары тандалып алынган, алардын мазмуну коомдун өнүгүшүнүн ушул этабындагы социалдык-адеп-ахлактык, маданий-тарыхый, коомдук-саясий кырдаалдарды чагылдырат (“Педагогика”, “Психология”, “Социалдык психология”, “Социалдык педагогика”, “Кыргызстандын тарыхы”, “Маданият таануу” ж.б.). Биринчи шартты ишке ашыруу боюнча иштин мазмуну инвариативдүү бөлүктү камтыйт.

**Экинчи шарт – мультимедиялык ресурстарды түзүү жана толеранттуулукка тарбиялоону колдоо үчүн заманбап технологияларды колдонуу.** Окуу тапшырмалары жана окутуу ыкмалары натыйжалуу баарлашуу көндүмдөрүн, анын ичинде уга билүү жана угуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзүшү керек. Диссертациялык изилдөөдө коюлган максатка жетүү үчүн “Толеранттуулук маданиятын калыптандыруу технологиясы” атайын курсунун мазмуну иштелип чыкты, иштелип чыккан сабактар студенттердин бардык аудиториясы менен өткөрүлө тургандай пландаштырылган. Мындан тышкары, атайын курстун программасы тарбиялык потенциалды камтыйт жана кураторлук сааттарды өткөрүүгө эсептелген (1-тиркеме). Атайын курс 30 саатка эсептелип, үч мазмундук блоктон турат. Толеранттуулук маданиятын калыптандыруу технологиясындагы натыйжалуу инновациялык ыкмалардын бири болуп окутууну уюштуруунун каражаттары болгон мультимедиялык жана маалыматтык ресурстар, аудио, телекоммуникациялардын заманбап каражаттарынын жыйындысы саналат. Алар дидактикалык материалдарды жана сүйлөө көндүмдөрүн тез өздөштүрүүгө көмөктөшөт, бул кесиптик билимди гана эмес, толеранттуу компетенцияларды да өнүктүрөт.

**Үчүнчү шарт – студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандырууда окутуунун активдүү методдорун колдонуу.** Окутуунун ар кандай активдүү методдорунун алкагында студенттик аудиториянын тексттерге (илимий, публицистикалык тексттердин ар кандай жанрларына, көркөм чыгармалардын фрагменттерине, каармандарга, медиа материалдарга, медиа булактарга) проблемалуу талдоо жүргүзүү методикасына кызыгуусун активдештирүү, тренингдик көнүгүүлөр аркылуу жүрүм-турумду талдоо, иштиктүү оюн ыкмасы менен инсандар аралык өз ара аракеттенүү кырдаалдарын

моделдөө, ошондой эле конфликттик кырдаалдарды рефлексия ыкмасы менен ойнотуу зарыл.

**Төртүнчү шарт катары “ЖОЖдун билим берүү чөйрөсүндө студенттердин жана окутуучулардын толеранттуулугун калыптандыруу” өнүктүрүү программасын иштеп чыгууну аныктадык.** Жогорку окуу жайлардын студенттеринин жана окутуучуларынын толеранттуулугун өнүктүрүү программасы толеранттуу билим берүүнү өнүктүрүү программасынын максаттарын жана милдеттерин, ишке ашыруу этаптарын ачып берген концептуалдык мазмунга ээ.

*Программанын максаты* – студенттердин Кыргызстандын эң бай маданий мурасын жана дүйнөлүк цивилизациянын эң мыкты жетишкендиктерин өздөштүрүүсүнүн инновациялык ыкмалары менен жогорку билим берүү системасынын гуманисттик парадигмасын колдоо жана өркүндөтүү; толеранттуу, биргелешкен мамилелер дүйнөсүндө өзүн-өзү адекваттуу ишке ашырууга даяр, белгисиздиктерге туруштук бере алган, инсандар аралык мамилелерде “инсанды” көрө алган, демек, иш-аракеттердеги себептик байланыштарды түшүнө билген, анын негизинде жүрүм-турумдун ар кандай алгоритмин алдын ала айта алган жана өзгөрүүлөргө даяр боло алган “жаңы инсанды” калыптандыруу.

*Программанын милдети* болуп санариптештирүү шарттарында жаш муундун аң-сезиминде Ата Мекендин тагдырына жарандык тиешелүүлүгүн аңдап-түшүнүүгө мүмкүндүк берген жоопкерчилик, кыраакылык жана кайрымдуулук түшүнүктөрүн калыптандыруу; коомдогу милдеттердин комплексин ишке ашырууда инсандын психикалык саламаттыгына аяр жана ийкемдүү мамиле кылууга мүмкүндүк берген толеранттуулук маданияты катары инсандын сапатын калыптандыруу; студенттерди маданий-тарыхый, адеп-ахлактык, улуттук жана элдик баалуулуктарды жандандыруу, сактоо жана көбөйтүү боюнча ишке тартуу аркылуу социалдык маанилүү ишмердүүлүктүн тажрыйбасын байытуу саналат.

**Максаттык компонент**

**Максат:** студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруу

**Милдеттер:** толеранттуулук маданиятынын төрт компонентин калыптандыруу: инсандык, когнитивдик, эмоционалдык-эрктүүлүк, жүрүм-турумдук; билим аркылуу аң-сезимге, түшүнүүгө, тажрыйбага, андан кийин сабырдуу жүрүм-турум маданиятына өтүү

**Мазмундук компонент**

**Толеранттуулук маданиятын тарбиялоонун принциптери:**
– социалдык чөйрөнүн негизги фактору катары толеранттуулук маданиятынын маанисин түшүнүүдө студенттин жеке жоопкерчилигин түшүнүүсү;
– студенттерге толеранттуулук маданиятынын негизи катары улуттук аң-сезимдин маанисин үйрөтүү;
– студенттерде жакшылыкты жана өз ара сый-урматты билдирүүнүн негизи катары жамааттык жашоо баалуулуктарын тарбиялоо.

**Толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун технологиясы (дисциплина):** моделденген студенттик чөйрө; студенттердин жана окутуучулардын аудиториялык ишмердүүлүгү.
**Изилденүүчү тематика:** окутулуучу дисциплиналардын контекстиндеги психологиялык-педагогикалык, коомдук-саясий, медиа, тарыхый, улуттук, этникалык, маданияттар аралык тексттер жана толеранттуулук технологиясы.
**Дидактикалык каражаттар:** презентациялар, слайддар, видеороликтер, видеотасмалар.

**Педагогикалык шарттар:**
1. Билим берүү чөйрөсүндө студенттердин окуу ишмердүүлүгүнүн инва-риативдүү бөлүгүнө толеранттуулук маданиятынын тематикасын киргизүү.
2. Мультимедиялык ресурстарды түзүү жана толеранттуулукка тарбиялоону колдоо үчүн заманбап технологияларды колдонуу.
3. Студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандырууда окутуунун активдүү методдорун колдонуу.
4. ЖОЖдун билим берүү чөйрөсүндө студенттердин жана профессордук-окутуучулар курамынын толеранттуулукту өнүктүрүү программасы.

**Натыйжалык компонент**

**Окутуунун технологиялары:**
дискуссиялык методдор, тренингдик технологиялар, проблемалык талдоо жана критикалык ой жүгүртүү технологиялары (текстти талдоо методикасы)

**Деңгээлдер:** төмөнкү, ортоңку, жогорку.
Студенттин толеранттуулук маданиятынын калыптанышына баа берүү критерийлери: инсандык, когнитивдик, эмоционалдык-эрктүүлүк, жүрүм-турумдук.

**Жыйынтык:** студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруу

**2.1-сүрөт. Студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун теориялык модели.**

Концептуалдык мамилелерди талдоонун натыйжасында студенттердин толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу аракети жасалды.

Теориялык модель үч концептуалдык мамиленин биримдигине негизделген: коммуникативдик-компетенттик, маданий жана этнопедагогикалык. Анда илимий-изилдөө ишинин максаттары жана милдеттери, принциптери жана функциялары, ошондой эле педагогикалык шарттар жана ишке ашыруунун активдүү ыкмалары, критерийлери жана көрсөткүчтөрү каралат. Теориялык моделди иштеп чыгууда процесстердин биримдигин жана бүтүндүгүн түзгөн мыйзам ченемдүү, функционалдык өз ара байланышкан компоненттерди структуралоо үчүн системалык талдоо ыкмасы колдонулган. Теориялык модель өз ара байланышкан үч компонентти бириктирет: максаттык, мазмундук, натыйжалык (2.1-сүрөт).

Сунушталган теориялык модель педагогикалык процесстин мазмунуна жана структурасына түз же кыйыр түрдө таасир этүүчү педагогикалык принциптерди колдонуу аркылуу студенттердин толеранттуулук маданиятын калыптандурууга мүмкүндүк берет.

**“Студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруу боюнча эксперименталдык иш” деп аталган үчүнчү бап** студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын практикалык ишке ашыруу боюнча окуу-тарбия иштерин уюштурууга багытталган. Толеранттуулук компоненттеринин көп кырдуулугу жана өз ара байланышы Фейянын “Башкаларды кабыл алуу шкаласы”, М. Рокичтин “Баалуулук багыттары” методикасы, Кэмпбеллдин “Боорукердик даражаны диагностикалоо шкаласы”, К. Н. Томастын “Конфликттерге жооп берүү жолдорун баалоо методикасы” методикаларын тандоо зарылдыгын шарттады; тиешелүү анкеталык сурамжылоолорду тандоо бул методикалар педагогикалык эксперименттин алкагында коюлган максаттарга жооп берген зарыл изилдөө куралы, ошондой эле изилдөөлөрдүн натыйжаларын талдоону системалаштыруунун жана жалпылоонун эффективдүү каражаты экендигин тастыктады.

Эксперименталдык жана изилдөө иштери 2018-2023-жылдар аралыгында үч этапта жүргүзүлдү: аныктоочу, калыптандыруучу жана текшерүүчү.

Эксперименталдык иштин максаты студенттердин толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун моделинин натыйжалуулугун жана педагогикалык шарттарын текшерүү болгон.

Экспериментке К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинен жана Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынан жалпысынан 460 студенти катышты.

К. Карасаев атындагы БМУнун базасында экспериментке “Педагогикалык билим берүү” факультетинин “Социалдык педагогика”, “Башталгыч билим берүүнү окутуунун методикасы”, “Мектепке чейинки билим берүү”, “Логопедия”

профилдери боюнча 2-курсунун 232 студенти катышты, алардын ичинен 117 студент калыптандыруучу жана 115 студент контролдук топторду түздү.

Б. Турусбеков атындагы КМДТжСАнын базасында экспериментке Педагогика жана спорттун улуттук түрлөрү факультетинин “Дене тарбия” багытынын теннис, жеңил атлетика жана спорттун улуттук түрлөрү боюнча адистешкен “Педагогика” профили боюнча 2-курсунун 228 студенти катышты, калыптандыруучу топту 115 жана контролдук топту 113 студент түздү.

Студенттердин толеранттуулук маданиятынын калыптануу деңгээлин баалоо үчүн төмөнкү критерийлер колдонулган: маанилүүлүк, сынчылдык, достук мамилелерди сактоо, сүйлөө маданиятына ээ болуу, адаптациялануу жөндөмүн өнүктүрүү, татаал маселелерди чечүүдө башкалардын ишенимине ээ болуу, конфликттик кырдаалдарда эмоцияларды башкара билүү, биргелешкен иш-аракеттердин көндүмдөрүн иштеп чыгуу, коллективизм жана кызматташтык сезимдерин өнүктүрүү.

Критерийлердин (жогорку, ортоңку, төмөнкү) негизинде биз толеранттуулук маданиятынын инсандык, когнитивдик, эмоционалдык-эрктүүлүк жана жүрүм-турумдук компоненттерин аныктадык. Изилдөөгө катышкан студенттердин көпчүлүгүндө толеранттуулук маданияты жөнүндө так түшүнүктөр калыптанган эмес, катышуучулар толеранттуу инсанды мүнөздөй алышкан эмес. Эксперименттин баштапкы аныктоочу этабында толеранттуулук маданиятынын төрт компоненти боюнча төмөнкүдөй көрсөткүчтөр алынган (3.1, 3.2-таблицалар, 3.1-сүрөт):

**3.1-таблица – Толеранттуулук маданияты жөнүндө жеке түшүнүктүн деңгээлин баалоо (аныктоочу этап)**

| Деңгээлдер | БМУ (117 студент) | | КМДТжСА (115 студент) | |
|---|---|---|---|---|
| | Саны | % | Саны | % |
| Жогорку | 47 | 40,2 | 45 | 39,1 |
| Ортоңку | 44 | 37,6 | 39 | 33,9 |
| Төмөнкү | 26 | 22,2 | 31 | 27 |

Изилдөөнүн жүрүшүндө биз студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруу үчүн иштелип чыккан педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун далилдөө максатында калыптандыруучу эксперимент жүргүздүк.

1. Биринчи педагогикалык шартты ишке ашырууну баалоо үчүн студенттердин толеранттуулук маданияты жөнүндө түшүнүктөрүн аныктоо үчүн Фейянын “Башкаларды кабыл алуу шкаласы” методикасы сунушталган, ал 3.2-таблицада келтирилди.

**3.2-таблица – Толеранттуулук маданияты жөнүндө жеке түшүнүктүн калыптануусунун деңгээлин баалоо (калыптандыруучу этап)**

| Деңгээлдер | БМУ (117 студент) | | КМДТжСА (115 студент) | |
|---|---|---|---|---|
| | Саны | % | Саны | % |
| Жогорку | 78 | 66,7 | 58 | 50,4 |
| Ортоңку | 28 | 23,9 | 37 | 32,2 |
| Төмөнкү | 11 | 9,4 | 20 | 17,4 |




**3.1-сүрөт. Толеранттуулук маданияты жөнүндө түшүнүктөрдүн калыптануу деңгээли.**

2. Экинчи педагогикалык шартты баалоо үчүн М. Рокичтин “Баалуулук багыттары” методикасы баштапкы деңгээлден баштап толеранттуулук маданиятынын баалуулуктарын баалоодо студенттин когнитивдик мүмкүнчүлүктөрүнүн калыптануу даражасын аныктоо үчүн колдонулган (3.3, 3.4-таблицалар, 3.2-сүрөт).

**3.3-таблица. – Толеранттуулук маданияты жөнүндө билим базасынын деңгээлин баалоо (аныктоочу этап)**

| Деңгээлдер | БМУ (117 студент) | | КМДТжСА (115 студент) | |
|---|---|---|---|---|
| | Саны | % | Саны | % |
| Жогорку | 36 | 30,8 | 33 | 28,7 |
| Ортоңку | 43 | 36,7 | 43 | 37,4 |
| Төмөнкү | 38 | 32,5 | 39 | 33,9 |

**3.4-таблица. – Толеранттуулук маданияты жөнүндө билим базасынын калыптануусунун деңгээлин баалоо (калыптандыруучу этап)**

| Деңгээлдер | БМУ (117 студент) | | КМДТжСА (115 студент) | |
|---|---|---|---|---|
| | Саны | % | Саны | % |
| Жогорку | 77 | 65,8 | 67 | 58,3 |
| Ортоңку | 29 | 24,8 | 31 | 26,9 |
| Төмөнкү | 11 | 9,4 | 17 | 14,8 |




**3.2-сүрөт. Толеранттуулук маданияты жөнүндө билим базасынын калыптануу деңгээли.**

Үчүнчү педагогикалык шартты ишке ашырууну баалоо үчүн толеранттуулук маданиятынын касиети катары боорукердик сапаттын калыптануу деңгээлин аныктоо үчүн Кэмпбеллдин “Боорукердик даражаны диагностикалоо шкаласы” колдонулган (3.5, 3.6-таблицалар, 3.3-сүрөт).

**3.5-таблица. – Студенттердин башкаларга болгон эмпатиялык мамилелерин баалоо (аныктоочу этап)**

| Деңгээлдер | БМУ (117 студент) | | КМДТжСА (115 студент) | |
|---|---|---|---|---|
| | Саны | % | Саны | % |
| Жогорку | 29 | 24,8 | 32 | 27,8 |
| Ортоңку | 55 | 47 | 44 | 38,3 |
| Төмөнкү | 33 | 28,2 | 39 | 33,9 |

**3.6-таблица. – Студенттердин башкаларга болгон эмпатиялык мамилелеринин калыптануусун баалоо (калыптандыруучу этап)**

| Деңгээлдер | БМУ (117 студент) | | КМДТжСА (115 студент) | |
|---|---|---|---|---|
| | Саны | % | Саны | % |
| Жогорку | 78 | 66,7 | 62 | 53,9 |
| Ортоңку | 29 | 24,8 | 33 | 28,7 |
| Төмөнкү | 10 | 8,5 | 20 | 17,4 |




**3.3-сүрөт. Студенттердин башкаларга болгон эмпатиялык мамилелеринин калыптануу деңгээли.**

Төртүнчү педагогикалык шартты баалоо үчүн К. Н. Томастын “Конфликттерге жооп берүү жолдорун баалоо методикасы” колдонулду (3.7-таблица, 3.4-сүрөт).

**3.7-таблица. – Толеранттуулук маданиятынын калыптанган жүрүм-турум компонентин баалоо**

| Методика | БМУ (117 студент) | КМДТжСА (115 студент) |
|---|---|---|
| К. Н. Томастын “Конфликттерге жооп берүү жолдорун баалоо методикасы” | Студенттердин **84%ы** чөйрөдө болуп жаткан көрүнүштөргө объективдүү баа берип, жамааттык кызматташуунун маанилүүлүгүн түшүнүп, түшүнбөстүктүн келип чыгуу себептерин жүйөлүү түшүндүрүп, топтун ар бир мүчөсүнүн жоопкерчилигин | Студенттердин **67%ы** жамааттык кызматташуунун артыкчылыктарын түшүнүшкөн жок, мамилелер маданиятынын баалуулугун жана анын биргелешкен иштин натыйжаларына тийгизген таасирин түшүндүрө алышкан жок. Бул |

| | | |
|---|---|---|
| | түшүнүп, толеранттуу мамилелердин позитивдүү ролун белгилей алышты. | жоопкерчиликтин, адилеттүүлүктүн жоктугу жана мамилелердеги көйгөйлөрдү үстүртөн кабыл алуу, ошондой эле чыр-чатактарды чечүүдөн качуу менен түшүндүрүлөт. |




**3.4-сүрөт. Студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятынын калыптанган жүрүм-турум компонентин баалоо.**

Окуучулардын толеранттуулук маданиятын калыптандырууга уюштуруучулук-педагогикалык шарттардын таасирин текшерүү изилдөөнүн калыптандыруу этабынын негизги милдети болгон. 3.8-таблицада эксперименттин башталышындагы жана эксперименттин калыптандыруучу этабынан кийинки эксперименталдык топтордун салыштырма жыйынтыктары көрсөтүлгөн.

Студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандырууга уюштуруучулук-педагогикалык шарттардын тийгизген таасирин текшерүү изилдөөнүн калыптандыруу этабынын негизги максаты болгон. 3.8-таблицада жан 3.5-сүрөттө эксперименталдык топтордун эксперименттин башталышында жана эксперименттин калыптандыруу этабынан кийинки салыштырмалуу натыйжалары көрсөтүлгөн.

**3.8-таблица. – Студенттердин толеранттуулук маданиятынын компоненттерин калыптандыруунун педагогикалык шарттарын ишке ашырууга чейинки жана ишке ашыруудан кийинки натыйжалары**

| № | Толеранттуулуктун структурасы | Студенттердин толеранттуулук маданиятынын компоненттерининин калыптануу деңгээли (117 студ.) | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Деңгээлдер | | | | | |
| | | Жогорку | | Ортоңку | | Төмөнкү | |
| | | Эксп. чейин | Эксп. кийин | Эксп. чейин | Эксп. кийин | Эксп. чейин | Эксп. кийин |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | **Инсандык компонент** Фейянын “Башкаларды кабыл алуу шкаласы” | 40,2% | 66,7% | 37,6% | 23,9% | 22,2% | 9,4% |
| 2. | **Когнитивдик компонент** М.Рокичтин “Баалуулук багыттары” методикасы | 30,8% | 65,8% | 36,7% | 24,8% | 32,5% | 9,4% |
| 3. | **Эмоционалдык компонент** Кэмпбеллдин “Боорукердик даражаны диагностикалоо шкаласы” | 24,8% | 66,7% | 47% | 24,8% | 28,2% | 8,5% |
| 4. | **Жүрүм-турум компоненти** К. Н. Томастын “Конфликттерге жооп берүү жолдорун баалоо методикасы” | Студенттердин 53%да жамааттык кызматташуунун артыкчылыктарын түшүнбөгөндүгү байкалды, алар мамилелер маданиятынын баалуулугун жана анын биргелешкен иштин натыйжаларына тийгизген таасирин түшүндүрө алышкан жок. Бул жоопкерчиликтин, адилеттүүлүктүн жоктугу жана мамилелердеги көйгөйлөрдү үстүртөн кабыл алуу менен түшүндүрүлдү. | | | Студенттердин 84%ы чөйрөдө болуп жаткан көрүнүштөргө объективдүү баа берип, жамааттык кызматташуунун маанилүүлүгүн түшүнүп, түшүнбөстүктүн келип чыгуу себептерин жүйөлүү түшүндүрүп, топтун ар бир мүчөсүнүн жоопкерчилигин түшүнүп, толеранттуу мамилелердин позитивдүү ролун белгилей алышты. | | |




**3.5-сүрөт. Студенттердин толеранттуулук маданиятынын компоненттерин калыптандыруунун педагогикалык шарттарын ишке ашырууга чейинки жана ишке ашыруудан кийинки натыйжалары.**

Калыптандыруучу этаптын натыйжасы студенттердин толеранттуулуктун мазмунун изилдөө менен байланышкан кыйла татаал түшүнүктөрдү кабыл алууга даярдыгынын деңгээлин көрсөттү жана толеранттуулук компоненттеринин көрсөткүчтөрүнүн өсүшүнүн мазмуну менен тастыкталды. Көпчүлүк студенттер тийиштүү деңгээлде толеранттуулук маданиятынын маңызын жана анын максатын өз чөйрөсүндө гана эмес, ошондой эле толеранттуулук көрүнүштөрүн зарыл интегративдик касиет катары түшүнө алышты, ал аркылуу адамдардын ортосундагы өз ара мамилелердин адекваттуу формалары өркүндөтүлөт.

Толеранттуулук технологияларын үйрөнүү процессинде студенттер инсандар аралык мамилелердин маанилүүлүгүн түшүнө башташат жана алардын пайда болгон ар кандай кырдаалдарды талдай алышат. Толеранттык билим берүүнүн ар кандай формаларына катышуу менен, студенттер толеранттуу өз ара аракеттенүү маданиятынын ролун адекваттуу инсанга мүнөздүү табигый мыйзам ченемдүүлүк катары объективдүү баалашат. Студент реалдуулукка негиздүү жана сынчыл мамиле жасоонун канчалык маанилүү жана баалуу экендигин түшүнөт, мындай түшүнүк инсанда ачыктык, коммуникативдүүлүк, боорукердик жана башкалардын алдында жоопкерчилик сыяктуу сапаттарды калыптандырат.

Бул инсандык сапаттар толеранттуулук маданиятынын негизги компоненттерине киргизилген. Студенттер толеранттуулук баалуулуктарын өздөштүрүүдө окуу, илимий материалдарды талдоодо окутуучулардын активдүү көмөктөшүүсү менен ар кандай кырдаалдарда, ошондой эле гендердик, балалык жана карылык мамилелерде адамдын толеранттуу көрүнүштөрүн көрсөтө алышты.

Алардын көпчүлүгү ар кандай курактагы адамдардын индивидуалдык касиеттерин түшүндүрүүгө даяр болушкан жана өзгөчө жаш курактагы толеранттуу аң-сезимди тарбиялоонун маанилүүлүгүн өзгөчө белгилешкен. Сабактардын жүрүшүндө студенттер диалог аркылуу социалдык чөйрөдө адамдын психологиялык ден соолугунун бузулушунун себептери болуп саналган чегинүүнү, жашыруундукту, сактыкты, шектенүүнү жана ишенбөөчүлүктү негиздүү түрдө жеңүү жөндөмүн өздөштүрүштү.

Анкеталык сурамжылоонун мазмуну башка дүйнө таанымга, нормаларга, эрежелерге, стереотиптерге болгон мамилелердин маданиятын аныктоого, мазмундуу ой жүгүртүү жөндөмүн баалоого, өз ара аракеттенүүдөгү белгисиздиктин жана кыйынчылыктардын деңгээлин аныктоого, ошондой эле инсандар аралык мамилелерде толеранттуулук маданиятынын калыптануу даражасын аныктоого багытталган ар кандай билдирүүлөрдү камтыйт. КМДТжСАнын студенттерин бардык методикалык параметрлер боюнча баалоонун натыйжалары баштапкы деңгээлден бир аз жогору, бул алардын физикалык даярдыкка көбүрөөк көңүл буруу мүмкүнчүлүгүн көрсөтөт. Бирок “Футбол”, “Волейбол” жана “Грек-рим күрөшү” сыяктуу багыттардын студенттери толеранттуулук маданиятын калыптандыруу шарттарын жетиштүү өздөштүрө алышкан эмес. (3.9, 3.10-таблицалар, 3.6, 3.7-сүрөттөр).

**3.9-таблица. – Студенттердин толеранттуулук маданиятын калыптандыруу боюнча контролдук этаптагы когнитивдик компоненттин көрсөткүчтөрү**

| Топтор | Деңгээлдер | | | Бардыгы: |
|---|---|---|---|---|
| | Жогорку | Ортоңку | Төмөнкү | |
| Эксперимент. топ | 76 / 64,9% | 27 / 23,1% | 14 / 12% | 117 |
| Контролдук топ | 63 / 54,8% | 31 / 26,5% | 21 / 18,2% | 115 |




**3.6-сүрөт. Студенттердин толеранттуулук маданиятын калыптандыруу боюнча контролдук этаптагы когнитивдик компоненттин көрсөткүчтөрү.**

**3.10-таблица. – Студенттердин толеранттуулук маданиятын калыптандыруу боюнча контролдук этаптагы эмоционалдык компоненттин көрсөткүчтөрү**

| Топтор | Деңгээлдер | | | Бардыгы: |
|---|---|---|---|---|
| | Жогорку | Ортоңку | Төмөнкү | |
| Эксперимент. топ | 72 / 61,5% | 31 / 26,5% | 14 / 12% | 117 |
| Контролдук топ | 62 / 53,9% | 34 / 29,6% | 19 / 16,5% | 115 |




**3.7-сүрөт. Студенттердин толеранттуулук маданиятын калыптандыруу боюнча контролдук этаптагы эмоционалдык компоненттин көрсөткүчтөрү.**

Ошентип, эксперименталдык жана контролдук топтордогу контролдук эксперименттин көрсөткүчтөрү калыптандыруучу эксперименттин натыйжаларын тастыктайт, мында толеранттуулук маданияты төрт компонентти камтыган татаал инсандык билим катары каралат: инсандык, когнитивдик, эмоционалдык жана жүрүм-турумдук. Өткөрүлгөн аудиториялык жана аудиториядан тышкары, тренингдик сабактардын, иш-чаралардын жана илимий-изилдөө иштеринин негизги фокусу социалдык чөйрөдөгү көрүнүштөрдү аңдап-түшүнүүгө жана ар кандай кырдаалга мазмундуу мамилелерди иштеп чыгууга жардам берген критикалык негизделген анализге багытталган.

## КОРУТУНДУ

1. Толеранттуулук маданияты жана педагогика чөйрөсүндөгү илимий-теориялык изилдөөлөрдү талдоонун, ошондой эле заманбап билим берүү парадигмаларын карап чыгуунун негизинде студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун негизги принциптери жана методологиялык мамилелери аныкталды. Изилдөө бул педагогикалык процесстин түшүнүгүн тактоого жана кеңейтүүгө, ошондой эле аны ишке ашыруунун натыйжалуулугуна таасир этүүчү маанилүү аспекттерди аныктоого мүмкүндүк берди. Алынган

натыйжалар студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу жана практикалык ишке ашыруунун теориялык негизин түзөт. Аныкталган принциптер жана методологиялык ыкмалар толеранттуу жана гармониялуу билим берүү чөйрөсүнүн калыптанышына өбөлгө түзгөн натыйжалуу педагогикалык шарттарды иштеп чыгуунун баалуу куралы болуп саналат.

2. Бул изилдөөнүн жыйынтыгы студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын эффективдүү калыптандырууга багытталган педагогикалык шарттарды жана теориялык моделди иштеп чыгуу болду. Педагогикалык шарттар маданий көп түрдүүлүктү урматтоого жана коммуникативдик көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган комплекстүү мамилени камтыйт. Теориялык модель толеранттуу билим берүү чөйрөсүн түзүүгө көмөктөшүүчү инновациялык курал болуп саналат. Иштелип чыккан педагогикалык шарттар жана теориялык модель студенттердин арасында толеранттуулук маданиятын өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү толеранттуу билим берүү чөйрөсүн түзүү багытындагы маанилүү кадам болуп саналат. Алар өз ара түшүнүшүүнүн жана ар түрдүүлүктү урматтоонун маанилүүлүгүн баса белгилеп, жогорку окуу жайынын заманбап көп улуттуу чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алышат. Иштелип чыккан куралдар билим берүү мекемелеринин окутуучуларын жана администрациясын ушул маанилүү билим берүү процессин ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн натыйжалуу каражаттар менен камсыз кылат.

3. Эксперимент студенттердин толеранттуулук маданиятын калыптандырууда иштелип чыккан педагогикалык шарттардын жана теориялык моделдин натыйжалуулугун ырастоого мүмкүндүк берди. Эксперименттик иштин жыйынтыктары сунушталган ыкмалардын жана методдордун студенттердин арасында толеранттуулукту өнүктүрүүг тийгизген оң таасиринин олуттуу деңгээлин көрсөтүп турат. Өз ара түшүнүшүүнүн, көп түрдүүлүктү урматтоонун жана эффективдүү маданияттар аралык өз ара аракеттенүү деңгээлиндеги байкалган өсүш иштелип чыккан педагогикалык шарттардын жана моделдин билим берүү процессинин реалдуу шарттарында жогорку адаптациялуулугун жана колдонууга жөндөмдүүлүгүн көрсөтөт. Ошентип, эксперимент сунушталган ыкмалар студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын ийгиликтүү калыптандырууга өбөлгө түзөт жана билим берүү мекемелеринин практикасына киргизүү үчүн сунушталышы мүмкүн деген гипотезаны тастыктады. Эксперименттин натыйжасында алынган маалыматтар иштелип чыккан педагогикалык шарттардын жана теориялык моделдин актуалдуулугун көрсөтөт. Бул маалыматтар заманбап билим берүү үчүн маанилүү, анткени алар негизги социалдык жана маданий компетенттүүлүк катары толеранттуулукту өнүктүрүүгө салым кошкон гармониялуу билим берүү чөйрөсүн түзүү ыкмаларын көрсөтөт.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

1. Окутуучулардын толеранттуулук, маданияттар аралык өз ара аракеттенүү жана этика маселелери боюнча квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатууну камсыз кылуу сунушталат. Бул аларга толеранттуулук темаларын окуу курстарына натыйжалуу интеграциялоого жана позитивдүү билим берүү чөйрөсүн сактоого мүмкүндүк берет.

2. Билим берүү уюмдары толеранттуулук маданиятын калыптандырууга көмөктөшүүчү педагогикалык шарттарды түзгөн программаларды иштеп чыгышы жана ишке ашыруусу керек. Бул туруктуу тренингдер, семинарлар жана дискуссиялык клубдар болушу мүмкүн, анда студенттер толеранттуулук маселелерин талкуулап, түшүнө алышат. Сандык жана сапаттык ыкмаларды колдонуу менен ишке ашырылган педагогикалык шарттардын жана моделдердин натыйжалуулугун үзгүлтүксүз баалоо сунушталат. Студенттердин толеранттуулук деңгээлиндеги өзгөрүүлөрдү көзөмөлдөө жана мониторингдин жыйынтыгына ылайык билим берүү программаларын тууралоо маанилүү.

3. Билим берүү процессине толеранттуулук жана маданияттар аралык өз ара түшүнүшүү маселелерине арналган атайын курстарды жана модулдарды киргизүү. Бул курстар изилдөөнүн биринчи милдетинде аныкталган илимий-теориялык негиздерге негизделиши жана маданий көп түрдүүлүктү урматтоо жана түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган материалдарды камтышы керек.

**ДИССЕРТАЦИЯНЫН МАЗМУНУ төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**


1. **Байсубанова, А. К.** Концептуальные подходы к вопросу толерантности [Текст] / А. К. Байсубанова // Вестник БГУ. – 2018. – №1 (43). – С. 80-82. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=34900784.

2. **Байсубанова, А. К.** Модель построения толерантной среды в системе высшего образования [Текст] / А. К. Байсубанова // Известия вузов Кыргызстана. – 2018. – №1. – С. 181-184. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=35034240

3. **Байсубанова, А. К.** Условия формирования коммуникативной толерантности в становлении профессиональных компетенций [Текст] / А. К. Байсубанова // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – 2018. – №1. – С. 110-112.

4. **Байсубанова, А. К.** Формирование установок толерантного сознания при помощи медиаобразования [Текст] / А. К. Байсубанова // Вестник БГУ. – 2019. – №4 (50). – С. 113-115. https://drive.google.com/file/d/1zZCsclZwPe7Tr980SauUmV_ohp51u1L5/view

5. **Байсубанова, А. К.** Толерантность как социально-культурный феномен [Текст] / А. К. Байсубанова // Научный аспект. – 2019. – №4 (2). – С. 212-218. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42343811.

**6. Байсубанова, А. К.** Высшее учебное заведение как фактор становления культуры толерантности в студенческой среде [Текст] / А. К. Байсубанова // // Научный аспект. – 2019. – №4 (2). – С. 218-224. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42343812.

**7. Байсубанова, А. К.** О технологиях формирования толерантности (в контексте изучения медиакультуры) [Текст] / А. К. Байсубанова // Вестник БГУ. – 2021. – №4 (58). – С. 39-45. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48207356.

**8. Байсубанова, А. К.** Педагогические предпосылки воспитания толерантного сознания студентов в системе высших учебных заведений [Текст] / А. К. Байсубанова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2021. – №5. – С. 222-226. http://www.science-journal.kg/ru/journal/2/archive/14730

**9. Байсубанова, А. К**. Медиакомпетентностная модель культуры толерантности студентов [Текст] / А. К. Байсубанова // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – 2022. – №1. – С. 7-15. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48700350.

**10. Байсубанова, А. К**. Сравнительный анализ медиаобразовательных моделей [Текст] / А. К. Байсубанова // Alatoo Academic Studies. – 2022. – №2. – С. 32-40. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49469532

**11. Байсубанова, А. К.** Воспитание толерантности у студентов способом анализа текста (на примере студентов физической культуры и спорта) [Текст] / А. К. Байсубанова // Эпоха науки. – 2023. – №33. – С. 143-147. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50447680.

**12. Байсубанова, А. К.** Педагогические условия формирования культуры толерантности в образовательном процессе [Текст] / А. Т. Калдыбаева, А. К. Байсубанова // Вестник Кыргызстана. – 2023. – №2 (1). – С. 73-78. http://vestnik.kg/admin-admin/fotogalere/1708159700_73-78.pdf

**13. Байсубанова, А. К.** ЖОЖдо студенттердин толеранттуулук маданиятын калыптандыруу боюнча педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары [Текст] / А. К. Байсубанова // Вестник Кыргызстана. – 2023. – № 2 (1). – 31-35-бб. http://vestnik.kg/admin-admin/fotogalere/1708158145_31-35.pdf.

**14. Байсубанова, А. К.** Основные методы исследования, используемые в повышении толерантности студентов [Текст] / А. К. Байсубанова, У. Ж. Акматова // Эпоха науки. – 2023. – №36. – С. 244-247. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=56647536

**Байсубанова Ася Карыбековнанын “Студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары” аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнүн**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** толеранттуулук маданияты, толеранттуулуктун компоненттери, студенттик чөйрө, активдүү ыкмалар, педагогикалык шарттар, тексти талдоо, модель, окутуучу, билим берүү процесси, эксперимент.

**Изилдөөнүн объекти:** студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары.

**Изилдөөнүн максаты:** студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын жана теориялык моделин негиздөө жана эксперименталдык жактан текшерүү.

**Изилдөөнүн методдору:** илимий-теориялык материалдарды жана илимий булактарды талдоо ыкмасы, байкоо жүргүзүү, баарлашуу, анкеталык сурамжылоо, моделдештирүү, педагогикалык эксперимент.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:** студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун теориялык маселелери талданды; студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун милдеттери, принциптери, илимий ыкмалары такталып, максатка ылайык теориялык модель жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттары аныкталды; студенттердин толеранттуулук маданиятын калыптандыруу боюнча иш-чараларды даярдоо жана өткөрүү боюнча тапшырмалар сунушталды; иштелип чыккан моделдин жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугу эксперименталдык түрдө текшерилди; педагогикалык багыттагы студенттер үчүн даярдалган “Толеранттуулук маданиятын калыптандыруу технологиясы” атайын курсу, ошондой эле “ЖОЖдун билим берүү чөйрөсүндө студенттердин жана окутуучулардын толеранттуулугун калыптандыруу” өнүктүрүү программасы иштелип чыгып, практикага киргизилди.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** изилдөөнүн практикалык материалдары жана методикалык сунуштар педагогикалык багыттагы (социалдык педагогика, башталгыч билим берүү, мектепке чейинки билим берүү, логопедия) студенттердин толеранттуулук маданияты жөнүндө билимин өркүндөтүүгө жана аларды методикалык жаңы ыкмалар менен камсыз кылууга жардам берет. Ошондой эле лекциялык, семинардык сабактарда жана ЖОЖдун окутуучулары өткөргөн иш-чараларда колдонулат.

**Колдонуу чөйрөсү:** гуманитардык багыттагы жогорку окуу жайларында, толеранттуулук маданиятын калыптандырууга жана окутуучулардын кесиптик квалификациясын жогорулатууга багытталган иш-чараларда колдонсо болот.

## РЕЗЮМЕ

**диссертационного исследования Байсубановой Аси Карыбековны на тему «Педагогические условия формирования культуры толерантности в студенческой среде» на соискание ученой степени кандидата педагогических**

**наук по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования**

**Ключевые слова:** культура толерантности, компоненты толерантности, студенческая среда, активные методы, педагогические условия, анализ текста, модель, преподаватель, образовательный процесс, эксперимент.

**Объект исследования:** процесс формирования культуры толерантности в студенческой среде.

**Предмет исследования:** педагогические условия формирования культуры толерантности в студенческой среде.

**Цель исследования:** обосновать и экспериментальным путем проверить педагогические условия и теоретическую модель формирования культуры толерантности в студенческой среде.

**Методы исследования:** метод анализа научно-теоретического материала и научных источников, наблюдение, беседа, анкетирование, моделирование, эксперимент.

**Научная новизна и практическая значимость исследования:** проанализированы теоретические вопросы формирования культуры толерантности в студенческой среде; уточнены задачи, принципы, научные методы формирования культуры толерантности в студенческой среде, определены теоретическая модель и педагогические условия ее реализации в соответствии с целями; предложены задачи по подготовке и проведению мероприятий по формированию культуры толерантности у студентов; эффективность модели и педагогических условий были проверены экспериментально; внедрена в практику специальный курс «Технология формирования культуры толерантности», подготовленная для студентов педагогического направления, а также, программа развития «Формирование толерантности студентов и преподавателей в образовательной среде вуза» с практическими рекомендациями.

**Рекомендации по использованию:** практические материалы исследования и методические рекомендации помогут улучшить знания студентов о культуре толерантности педагогической направленности (социальная педагогика, начальное образование, дошкольное образование, логопедия) и обеспечить их методически новыми методами. Также используется в лекционных, семинарских занятиях, и в проводимых мероприятиях преподавателями вуза.

**Область применения:** может применяться в вузах с гуманитарной направленностью, в мероприятиях, направленных на формирование культуры толерантности и повышения профессиональной квалификации преподавателей.

## SUMMARY

**of the dissertation research by of Baisubanova Asya Karybekovna on the topic " Pedagogical conditions for the formation of a culture of tolerance among students"**

**for the degree of Candidate of pedagogical sciences in the specialty 13.00.01 – general pedagogy, history of pedagogy and education**

**Keywords:** culture of tolerance, components of tolerance, student environment, active methods, pedagogical conditions, text analysis, model, teacher, educational process, experiment.

**The object of the research** is the process of forming a culture of tolerance in the student environment.

**The subject of the research:** pedagogical conditions for the formation of a culture of tolerance in the student environment.

**The purpose of the research** is to create a model for the formation of a culture of tolerance in the student environment, as well as to determine the pedagogical conditions and its implementation.

**Research methods:** method of analysis of scientific and theoretical material and scientific sources, observation, conversation, questionnaire, modeling, experiment.

**Scientific novelty and practical significance of the research:** the theoretical issues of the formation of a culture of tolerance in the student environment are analyzed; the tasks, principles, scientific methods of forming a culture of tolerance in the student environment are clarified, a theoretical model and pedagogical conditions for its implementation are determined in accordance with the goals; tasks for the preparation and conduct of activities for the formation of a culture of tolerance among students are proposed; the effectiveness of the model and the pedagogical conditions were tested experimentally; a special course "Technology for the formation of a culture of tolerance" has been put into practice, prepared for students of the pedagogical direction, as well as a development program "Formation of tolerance of students and teachers in the educational environment of the university" with practical recommendations.

**Recommendations for use:** practical research materials and methodological recommendations will help improve students' knowledge of the culture of tolerance of pedagogical orientation (social pedagogy, primary education, preschool education, speech therapy) and provide them with methodically new methods. It is also used in lectures, seminars, and events held by university teachers.

**Using area:** it can be used in universities with a humanitarian orientation, in activities aimed at forming a culture of tolerance and improving the professional qualifications of teachers.

